DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Кадыров Абдинаби, Кадыров Акжол*

# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮ: ДЕМОКРАТИЯ, ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯ ЖАНА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАР

*Кадыров Абдинаби, Кадыров Акжол*

# КЫРГЫЗСКОЕ ГОСУДАРСТВО: ДЕМОКРАТИЯ, НАРОДНАЯ РЕВОЛЮЦИЯ И НАЦИОНАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ

*Abdinabi Kadyrov, Akzhol Kadyrov*

# KYRGYZ STATE: DEMOCRACY, PEOPLE'S REVOLUTION AND NATIONAL VALUES

*УДК: 94.7/321.327.024 (575.2)*

*Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгына ээ болушунун саясий мааниси, анын эл аралык коомчулук тарабынан кабылданышы жана бир канча эл аралык уюмдарга толук кандуу мүчө болуу менен эл аралык маанилүү маселелерди чечүүгө катышуусу талдоого алынган. Мамлекеттин мурдагы коммунисттик режимден баш тартып, демократиялык жолго түшүүсү, сөз, басма сөз эркиндигинин калыптануусу, жеке менчикке, жеке ишкердикке өтүү ж.б. жагдайлар анализденип, баа берилген. Жер жана агрардык саясат, улуттук валютаны кабыл алуу, жаңы экономикалык саясатка өтүү боюнча жүргүзүлгөн реформалардын жыйынтыктары иликтенген. Өлкөнүн өз алдынчалыгы менен кошо жаралган коррупциянын кесепеттери жана улуттук баалуулуктарга тийгизген таасирлери ачыкталып, мамлекеттин коопсуздугуна, ички жана тышкы саясатына шек келтирген жагдайлары статистикалык маалыматтар менен чагылдырылган жана өлкөнү өнүктүрүүнүн келечек багыттары сунушталган.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргыз Республикасы, эгемендүүлүк, эл аралык коомчулук, реформа, демократия, рынок экономикасы, жеке менчик, коррупция, коопсуздук.*

*Анализируется политическое значение независимости Кыргызской Республики, ее восприятие международным сообществом и ее участие в решении важных международных проблем с полноправным членством в нескольких международных организациях. Переход государства от бывшего коммунистического режима к демократии, формирование свободы слова и печати, переход к частной собственности, частному предпринимательству и так далее. Обстоятельства были проанализированы и оценены. Изучены результаты реформ в земельной и аграрной политике, введение национальной валюты, переход к новой экономической политике. Последствия коррупции и влияние на национальные ценности независимости страны, угрозы национальной безопасности, внутренней и внешней политике отражены в статистике, представлены будущие направления развития страны.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызская Республика, независимость, международное сообщество, реформа, демократия, рыночная экономика, частная собственность, коррупция, безопасность.*

*The article analyzes the political significance of the independence of the Kyrgyz Republic, its perception by the international community and its participation in solving important international problems with full membership in several international organizations. The transition of the state from the former communist regime to democracy, the formation of freedom of speech and press, the transition to private property, private entrepreneurship, and so on. The circumstances were analyzed and assessed. The results of reforms in land and agricultural policy, the introduction of the national currency, the transition to a new economic policy have been studied. The consequences of corruption and the impact on the national values of the country's independence, threats to national security, domestic and foreign policy are reflected in statistics, the future directions of the country's development are presented.*

***Key words:*** *Kyrgyz Republic, independence, international community, reform, democracy, market economy, private property, corruption, security.*

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу, анын тарыхындагы башка окуялардын бири катары кабылданса, андан бери карай өткөн отуз жыл анын өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, айрым кемчиликтерин да ачыкка чыгарды. Албетте жетишкен ийгиликтер менен кошо айрым кемчиликтерди талдоо менен анын келечекке карай өнүгүүсүн аныктоо максатка ылайыктуу. Ошондуктан, биз өз иликтөөбүздө тарыхый, статистикалык, ММК маалыматтарды, коомдук пикирлерди пайдалануу менен өлкөнүн эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүү тарыхынын күнгөй-тескейин талдап, жеке пикирибизди илимий негизде билдирүүгө аракет жасадык.

КР эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында мурдагы Кеңеш бийлигинин учурундагы коммунисттик идеологиядан, партиялык режимден, пландуу экономикадан ж.б. баш тартуу менен батыш өлкөлөрү тарабынан тандалган демократиялык кадамдарга баруу кыргыз бийлигинин чечкиндүү аракети болгон. Мындай жаңы кадам кыргыз коомчулугу тарабынан абдан жогорку деңгээлде, жылуу маанайда кабыл алынган.

Кыргыз бийлигинин алдында демократияга негизделген, улуттук мүнөздөгү жаңы жолду, жаңы багытты тандоо милдети турган. КР ЖК тарабынан өлкө Конституциясы, мамлекеттик атрибуттары, мыйзам актылары ж.б. расмий документтер кабыл алынган. Мамлекеттик башкаруу системасында, Президенттик башкаруу институтун түзүүдө, рынок экономикасына өтүүдө, финансы-акча саясатында, жер рыногун жөнгө салууда, сөз, басма сөз эркиндигинде ж.б. тармактарда олуттуу өзгөрүүлөр болгон.

Эл аралык коомчулук Кыргызстандагы өзгөрүүлөрдү жогорку деңгээлде баалап, «демократия аралчасы» деп атаган. Эл аралык банктар, фонддор тарабынан өлкөнүн өндүрүштүк, чарбалык тармактарын тикелөө, өнүктүрүү, реформа жүргүзүү максатында

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



финансылык, материалдык жардамдар, гранттар, инвестициялар, жеңилдетилген насыялар берилген. АКШ, Кытай, Россия, Түркия ж.б. мамлекеттерден, Европа өлкөлөрүнөн каржылык, финансылык, материалдык бир топ жардамдар келген.

Кыргызстан күнкорсуздукка чейин «дайынсыз республика» болуп келген болсо, эгемендүүлүктүн шарапаты менен БУУ, ЮНИСЕФ, ЮНЕСКО, ОБСЕ, НАТО, ЭВФ, АӨБ, КМШ, ШКУ, ЖККУ, ЕАЭБ сыяктуу бир канча эл аралык уюмдарга мүчө болуу менен эл аралык маанидеги маселелерге толук кандуу негизде катыша баштаган [1].

Эгемендүү Кыргызстандын өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыттарын аныктаган – «Аракет» Улуттук программасы (1998-ж.), «Кыргызстанды өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздери» (2001-ж.), «Кедейчиликти кыскартуунун улуттук стратегиясы» (2002-ж.), «Өлкөнү өнүктүрүү стратегиясы» (2007-ж.) сыяктуу мамлекеттик масштабдагы ири программалар кабыл алынган. Аталган программалар өлкөнүн жаңы нукта өнүгүүсүн жөнгө салууда, экономикалык каатчылыкты жоюуда, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү, калктын жашоо-тиричилигин жакшыртууда приоритеттүү багыттарды аныктаган.

Эгемендүүлүктүн башатында Кыргызстан дүйнө элдеринин көп бөлүгү тарабынан тандалган жана цивилизациялык өнүгүүнүн негизи болгон демократиялык жолду тандоосу туура чечим болгон. Натыйжада, демократиянын негизинде бүгүнкү күнкорсуз Кыргызстанда калыптанган жарандык коомду, сөз жана басма сөз эркиндигин башкы жетишкендик катары кароого болот. Экинчиден, өлкөдө жеке ишкердикке кеңири жол ачылып, бүгүн чакан жана орто ишкердик менен алектенгендер жалпы эмгектенгендердин 50% экендигин баса белгилөөгө тийишпиз.

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн башатында – анын коргонуу жана коопсуздук маселелерин аныктоочу окуя катары 1999-2000-жж. эл аралык диний экстремизмдин жоочуларынын Баткен жергесине куралдуу кол салуусу болгон. Эки жыл удаасы менен кайталанган согуштук абал мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгүн арттырып, эл аралык терроризмдин Борбор Азия өлкөлөрүнө жайылышын токтоткон. Экинчиден, өлкөнүн Өзбекстан, Тажикстан менен чек аралары корголуп, ички, тышкы коопсуздук, коргонуу маселелери чындала баштаган. Кыргыз армиясынын күжүрмөндүүлүгүн арттыруу, заманбап аскердик техника, курал-жарак, финансы ж.б. маселелер жанданып, өлкөдө Аскер реформасы жүргүзүлгөн.

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы маанилүү саясий окуялар – элдик революциялар болгон.

Коомчулуктун эгемендүүлүктөн көп артыкчылыктарды күткөн үмүтүнүн акталбагандыгы, өлкөнү башкаруунун үй-бүлөлүк, ландык ыкмасы, жемкорлуктун күчөшү, 2005-ж. президентти бийликтен кетирүүгө себеп болгон. 2005 жана 2010-жж. элдик революцияларда Ак үй баш болгон борбор калаадагы соода түйүндөрү, базарлар, мамлекеттин казынасы таланып, тоноолду, 90 го жакын адам өмүрү кыйылды, өлкө экономикасы алсызданды. Жеке ишкерлер олуттуу зыян тартты.

Элдик революциянын саясий таасири болбогон менен анын экономикалык таасири дароо эле сезилген. 2010-ж. өлкөнүн ИДӨ 2009-ж. салыштырганда: айыл чарба өнүмү 98,6%, аңчылык жана токой чарба продукциясында 97,2%, негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 90,2%, чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү 67,5% аткарылды [2].

Кыргызстандын эгемендүүлүгү менен кошо жаралган коркунучтуу илдеттердин бири коррупция болгон жана өлкөнү саясий, экономикалык, социалдык жактан муунтуп турган. «Кумтөр боюнча инвесторлор менен түзүлгөн келишимде (1992-ж.) коррупциялык фактылар орун алгандыгын аныктаган депутаттык комиссиянын иши "легендарлуу парламенттин" таратылышына себеп болгон» [3].

КР премьер-министри: «Акмактар менен жалкоолор гана уурдабайт» - деп, мамлекеттик трибунадан жар салып, кылымдардан бери карай келе жаткан ата-бабалардын улуттук баалуулуктарына: акыйкатчылдыкка, тазалыкка доо кетирип, өлкөдө паракорчулукка, уурулукка, арам тамактыкка кеңири «жол ачкан».

Ошентип, 1992-жж. Кумтөр келишимине кол коюу менен бирге Ак үйдөн башталган жемкордук, паракордук, арам тамактык өлкөнүн бардык тармактарына чейин жетип, 2021-ж. чейин гүлдөп өскөн доору болгон. Кыргызстанда бул мезгил аралыгында мындай жөнөкөй жана өтө кирешелүү тармактан четте калган системаны табуу кыйын болгон.

Сырттан келген финансылык, материалдык каражаттарды бөлүштүрүүнүн, пайдалануунун так эсеби болбогондуктан, алар биринчи кезекте бийликтеги атка минерлердин жеке кызыкчылыктары үчүн жумшалып, мамлекеттеги салымы дээрлик байкалган эмес. Мамлекеттик ири долбоорлорго болгон каржылоолор, насыялар кошуп жазуулар, көз боёмочулуктар менен коштолуп, өлкөгө ири суммада зыян келтиргендиги Бишкек жылуулук борборун, Улуттук тарых музейин ремонттоодо, Ысык-Көлдөгү ат майданын, автожолдорду курууда ж.б. тармактарда ачыкка чыкты.

Бирок, биздин изилдөөбүздүн башкы максаты – жемкордукту, паракорчулукту тизмектөө эмес, анын, кесепеттерин жана келечек муундардын аң-сезимине тийгизген таасирлерин талдоо менен өлкөнүн үч он жылдыктагы ички жана тышкы саясатын анализдөө.

Эгемендүүлүк менен кошо Ак үйдөн башталган жемкордук жана кландык башкаруу өлкөнүн бардык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тармагына кеңири кулач жайган. Анын кесепетинен:

- өлкөнүн экономикасы алсызданган;
- мыйзамдуулуктун таасири жоголгон;
- мамлекеттик кызыкчылыктан, жеке кызыкчылык жогору турган;
- жемкорлуктун кесепетинен мамлекеттик башкаруу саясаты – кландык (үй-бүлөлүк) башкарууга өткөн;
- СССР мезгилинен калган завод-фабрикалар, ишканалар, чарбалар, мамлекеттик мүлктөр жеке тараптарга таратылып, сатылып, максатсыз жок кылынган;
- жер реформасын жүргүзүүдө алешемдиктер орун алгандыктан, жүздөгөн га жерлер каралбай бош калган;
- финансылык каатчылыктын, жемкорлуктун кесепети бардык тармактарга тескери таасирин тийгизген: билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият тармактары, бюджеттик мекемелер жабыркаган;
- жумушсуздук көбөйгөн, жакырчылык күч алган, миграциянын агымы өскөн;
- өлкөнүн ички, тышкы карызы көбөйгөн.

Кыргызстанда орду толгус кесепеттердин бири – миграция. Азыркы учурда 1 млн. ашуун жарандар чет өлкөлөрдө жалданма жумушчу катары күн көрүүдө. Өлкө эгемендүүлүк мезгилинде 1 млндон ашык жумушчу күчүнөн, ажырады, экономикага, өндүрүшкө, айыл чарбасына ж.б. тармактарга олуттуу зыян келтирди, экинчиден, мыкты адистердин сыртка кетип калуусунан, бардык тармактар жабыркады, алардын ордун баскан тажрыйбасыздар «чала молдо дин бузат» болуп, тармактардын деңгээлин дагы төмөндөтүп, дагы кыйратты.

Кыргызстанда жемкорлуктун күчөшү кадр системасына да таасир этти. Мамлекеттик жетекчи кадрлардын компетентсиздиги, профессионалдык деңгээлинин төмөндүгү ички, сырткы чөйрөдө өлкөнүн жүзүнө, эл аралык аренада дипломатиялык кызматтын кадырына көө сүрттү. Кызматтык милдетинен жеке кызыкчылыгын жогору койгон, өзүнүн чыныгы жүзүн көрсөткөн фактылар ачыкка чыкты.

Эгемендүүлүктүн 30 жылы менен бирге жашап келген жемкорлук, ушул мезгилдеги жаштардын аң-сезимине, дүйнө таанымына бекем орноп, улуттук баалуулуктарга, акыйкатчылдыкка, инсандык жеке мүнөзгө, тескери пикир калыптандырды. Акыйкатчыл, билимдүү инсандар четке сүрүлүп, бийлик бутактарына, шылуундар, кошоматчылар чыккан. Мамлекеттик бийликтин бардык креслосу «сатылган».

Кумтөр кени менен Бажы системасы өлкөдөгү жемкорлуктун ири борбору болгондугуна карабастан, «белгилүү» күчтөр аларды дайыма калкалап, дайыма колдоп турган. Экинчиден, 1999-ж. Баткен согушунун мезгилинде барымтага алынган 4 япон геологун бошотууда аткаминерлер Япония менен соодалашканы ачыкталды [4]. 2020-ж. пандемиянын учурунда дары-дармек, аппараттар жетишпей, оорулар кыйналып жатканда, ага карата чара көрүүнүн ордуна, саламаттык сактоо министрлигинин жетекчилери жасалма таңкыстык жаратып, бааларды көтөргөнүн УКМК аныктады. Демек, өлкөдө жемкорлук эң жогорку чекке жетип, ага каршы күч жок калгандай сезилген.

Эгемендүүлүктүн экинчи он жылдыгында эки ирет элдик революция болгон болсо, үчүнчү он жылдыктын акырында үчүнчү ирет элдик революция болуп өттү. Кыргызстандагы үчүнчү революция жөнүндө Россиянын Президенти В.Путин: «Ал жерде секирик дайыма болуп турат. Менимче, алар кээ бир Батыш өлкөлөрүнүн үлгүсүнө ылайык ички саясий жашоону орнотуу үчүн тынымсыз алдыга умтулуп жатышат. Ал эми саясий аң-сезимдин деңгээли, институттардын жетилүү деңгээли, айталы, Франциядагыдай эмес. Францияда же Федеративдүү Республикада саясий система ондогон жылдар бою, башкаруунун парламенттик формасы кылымдар бою өнүгүп келе жатат. Саясий партиялар салттуу түрдө жарандар үчүн, шайлоочулар үчүн туруктуу саясий платформасы менен жеткиликтүү. Ошондуктан, бул бүгүнкү күндүн жыйынтыгы эмес» – деп таамай баа берген [5].

Үчүнчү революциядан кийинки бийлик мурдагылардан кескин айырмаланып, жемкорлукту айыптап, ага шектүүлөрдү ким экендигине карабастан кармай баштады. Албетте, бардык башталган иштин акыры болору тарыхый мыйзам ченемдүүлүк. Демек, 1992-2020-жж. жемкордуктун гүлдөгөн доору болсо, 2021-ж. баштап, анын кыйроо доору башталды. Бүгүн мамлекеттин эң коркунучтуу душманы болгон коррупциянын алдын ала албасак, эртең кеч болуп калары анык. Анткени, мамлекеттин кубаттуулугу (саясий, экономикалык, коргонуу, коопсуздук, социалдык ж.б.) гана анын ички жана тышкы коркунучтарына өбөлгө боло алат.

Бүгүнкү күндө биздин өлкө Борборазиялык мамлекеттердин арасында бир нече жыл жарандык согушту баштан өткөргөн Тажикстан менен бирдей деңгээлде турат. Ал эми калган өлкөлөрдүн өнүгүүсү бир канча алдында экендигин төмөнкү статистикалык маалыматтар айгинелейт:

Борбор Азия өлкөлөрүнүн ИДӨ боюнча жан башына көрсөткүчү: Казакстан - 182, Өзбекстан - 57,73, Түркмөнстан - 40,77, Кыргызстан - 8,87, Тажикстан - 8,3 [6].

Мамлекеттин эң негизги потенциалы анын калкы болуп саналат. Ал эми калктын мамлекетти колдоосу, мамлекеттик саясатка аралашуусу мамлекет башчыларына байланыштуу, же тескерисинче – коом кандай болсо, мамлекет башчылары да ошондой болот.

Күнкорсуздук жылдарында жаштардын аң-сезимине, дүйнө таанымына таасир эткен улуттук баалуу-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



луктар менен кошо жапайы капитализмдин терс жактарын да айтпай кетүүгө болбойт. Бүгүнкү күндөгү бир топ маселелердин жалаң акча аркылуу чечилиши жана өлкөдө орун алган коррупциялык система келечек ээлеринин мекенчилдик сезимдерине доо кетирүүдө. Ошондуктан, бүгүнкү билим берүү мекемелеринин жана жалпы коомчулуктун алдында келечек ээлеринин мекенчилдик сезимдерин, адистик квалификациясын өркүндөтүү, компоненттүү, адискөй жаштарды тарбиялоо милдети турат.

Кыргызстандын келечеги – анын жарандары үчүн эле эмес, башка өлкөлөрдө жашаган ар бир кыргызстандык үчүн да маанилүү. Ошондуктан, ар бир жаран мамлекет үчүн кам көрүүгө, сүйүүгө, коргоого, сактоого, анын ар тараптуу өнүгүүсүнө салым кошууга, кемчиликтерди четтетүүгө жана кубаттуу өлкөнү курууга милдеттүү экендигин унутпоого тийишпиз. Анткени, Кыргыз Республикасы – биз үчүн жалгыз жана баарыбыз үчүн ыйык.

**Адабияттар:**


1. Момбекова Ж.К. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы. - Б., 2003. - Б. 376.
2. Социально-экономическое развитие Баткенской области (2008-2012 гг.). - Баткен, 2013. - С. 17-21.
3. Кулов Ф. Kaktusmedia. 9.08.2021.
4. Баткен коогалаңынын актай барактары. Азаттык медиа – 2019.
5. Большая пресс-конференция Президента РФ В. Путина. Мир 24. 18.12.2020.
6. Сайт: stat.kg/ИДП КР на 2020 год.
7. Исаев К. Кыргызская государственность в новых исторических условиях. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 1. С. 205-208.
8. Абдикеримов А.Ш., Джумабаева Д.Б. Кыргызская Республика: государственность, национальные ценности и стратегия развития. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - №. 8. - С. 42-48.